# «БАКАЙ БАНК» ААКтын адам укуктары боюнча саясаты

Мазмуну


**1. Жалпы жоболор** .......... 1

**2. Негизги милдеттер** .......... 2

**3. Саясатты сактоо** .......... 3

**4. Саясаттын бузулгандыгы жөнүндө маалымдоо** .......... 4

**5. Корутунду жоболор** .......... 4


## 1. Жалпы жоболор

1. “БАКАЙ БАНК” ААКтын адам укуктары боюнча саясаты (мындан ары- Саясат) бирдиктүү корпоративдик ыкманы түзөт, “Бакай Банк” ААКтын (мындан ары – Банк) адам укуктарын сактоо жана коргоо жаатындагы жоопкерчилигин жана негизги милдеттерин баяндайт.

2. Банк Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана Кыргыз Республикасынын адам укуктарын коргоо жаатындагы мыйзамдарын, адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарды, ошондой эле төмөнкүлөрдү сактайт:

- Адам укуктарынын жалпы коомдук декларациясын;
- Экономикалык, социалдык жана маданият укуктары жөнүндөгү эл аралык пакт (КР 1994-жылдын 7-октябрында ратификацияланган);
- Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү эл аралык пакт (КР 1994-жылдын 7-октябрында ратификацияланган);
- Расалык басмырлоонун бардык формаларын жок кылуу жөнүндө конвенция (РБФЖ) (КР 1997-жылдын 5-сентябрында ратификацияланган);
- Аяларды басмырлоонун бардык формаларын жок кылуу жөнүндө конвенция (КР 1997-жылдын 10-февралында ратификацияланган);
- Кыйноолорго жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадыр-баркын басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнө каршы конвенция (1984) (КР 1997-жылдын 5-сентябрында ратификацияланган);
- Майыптардын укуктары жөнүндө конвенция (2006) (КР 2019-жылдын 16-майында ратификацияланган);
- Адамдын укуктары жана негизги эркиндиктер жөнүндө КМШ конвенциясы (КР 2003-жылдын 1-августунда ратификацияланган);
- Улуттук азчылыктагы адамдардын укуктарынын камсыздоо жөнүндө конвенция (1994) (ратифицирована КР 01.08.2003г.);
- Эл аралык эмгек уюмунун эмгек тармагындагы негизги принциптер жана укуктар жөнүндөгү декларация;
- Бириккен Улуттар Уюмунун адам укуктарынын аспектинде ишкердик иштин жетектөөчү принциптери;
- Бириккен Улуттар Уюмунун Глобалдык келишими.

3. Банктын ишмердигинин бардык баскычтарында адам укуктарынын сакталышын камсыздоо, жумуш ордунда Банктын бардык кызматкерлери келип чыгышынан же иденттүүлүгүнөн көз карандысыз түрдө өзүн барктуу сезгендей жана ийгиликке жетүү үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ болгондой жумушчу чөйрөнү түзүүгө багытталган көп кырдуулукту жана инклюзивдүүлүктү түзүү – ушул Саясаттын максаты болуп саналат.

4. Банк контрагенттерге ушул Саясаттын принциптерин жана мазмуну жөнүндө билдирет, ошону менен бирге Банктын контрагенттери адам укуктарын, ошондой эле өз кызматкерлеринин эмгек укуктарын бекем сактайт деп ишенет.

5. Ушул Саясатта төмөнкү терминдер колдонулат:

| | |
|---|---|
| **Басмырлоо** | Банктын кызматкерлеринин, кардарларынын, контрагенттеринин жана башка кызыкдар тараптарынын эркиндиктерин жана укуктарын мыйзамсыз жана негизсиз чектөө |
| **Заинтересованные стороны** | Банктын ишмердигинин жыйынтыгына жана наркты түзүүсүнө кызыкдар болгон жана (же) Банктын ишмердигине, продуктуларына, кызмат көрсөтүүлөрүнө олуттуу таасир эте алышкан, же алардын чечимдери же аракеттери Банктын нарк түзүү, өз стратегиясын ийгиликтүү ишке ашыруу жана максаттарына жетүү жөндөмдөрүнө таасир этиши мүмкүн болгон юридикалык жактар жана жеке адамдар, ошондой эле Банктын ишмердиги таасир эткен жеке адамдар жана юридикалык жактар. |
| **Контрагент** | Банк менен келишимдердин же башка юридикалык милдеттүү макулдашуулардын, ошону менен бирге алдын ала келишүү мамилелеринин алкагында өз ара аракеттенишкен кайсы болбосун юридикалык жактар же жеке адамдар |
| **Жеке маалыматтар** | Материалдык алып жүрүүчүгө сакталган конкреттүү бир адамды аныктай турган же конкреттүү бир адамды аныкташы мүмкүн болгон маалымат. Ал маалымат адамдын биологиялык, экономикалык, жарандык же социалдык иденттүүлүгүнө таандык болгон бир же бир нече факторлорго шилтеме кылуу менен аны идентификациялоого мүмкүндүк берет. Жеке маалыматтарга биографиялык жана таанып билүүчү маалыматтар, жеке мүнөздөмөлөр, үй-бүлөлүк абалы, финансылык абалы, ден-соолугунун абалы ж.б. жөнүндөгү маалыматтар кирет. |
| **Адам укуктары** | Ар бир адамдын ажыратылгыс укуктары, алардын негизинде кадыр-баркты, эркиндикти жана теңдикти таануу жатат. |
| **Мажбурланган эмгек** | Кандайдыр бир адамдан коркутуп мажбурлоо же жазалоо аркылуу талап кылынган жана ошол адам өз кызматтарын өз эрки менен сунуштабаган кайсы болбосун ишмердик, жумуш же кызмат көрсөтүү. |
| **Банк кызматкери** | Банктын Башкы кеңсесинин, филиалдарынын, бөлүмдөрүнүн, өкүлчүлүктөрүнүн кызматкерлери, алар Банк менен түзүлгөн эмгек келишиминин негизинде иштешет. |

## 2. Негизги милдеттер

6. Банк ири жумуш берүүчү, жооптуу, иштиктүү өнөктөш жана кардарларга кам көрүүчү компания болуу менен адамдардын укуктарын жана эркиндигин сыйлайт, ошондой эле өз ишмердигинде адам укугу жаатында жагымсыз көрүнүштөрдү таап чыгууга жана болтурбоого аракет кылат.

7. Банк төмөнкүлөргө жол бербейт:

- Банктын кызматкерлерине, кардарларына жана башка кызыкдар тараптарына жынысы, жаш курагы, улуту, расасы, диний көз карашы, социалдык абалы, сексуалдык багыты жана башка өзгөчө мүнөздөлүшү боюнча кандай болбосун формадагы басмырлоого же калыс эмес мамиле жасалышына;
- Банктын кызматкерлерине, кардарларына жана башка кызыкдар тараптарына кандай болбосун формадагы куугунтуктоолорго, коркутууларга жана физикалык, сексуалдык жана психологиялык күч колдонууларга;

8. Банк мажбурлап иштетүүнү жана балдар эмгегин колдонбойт. Банктын кызматкерлеринин минималдык жаш курагы эмгек келишимин түзүү үчүн мыйзамда белгиленген жаш куракка дал келет.

9. Банк жумушка орноштуруу, карьералык өсүү, эмгек акысын төлөө жана окутуу жаатында бардык кызматкерлерге бирдей мүмкүнчүлүк түзүүгө аракет кылат. Кызматкерлердин иштиктүү сапаты менен байланыштуу болбогон милдеттенмелер боюнча эмгек укуктарын чектөөгө жол берилбейт.

10. Банк жумуш убактысы, ашыкча иштелген сааттар, жыл сайын акы төлөнүүчү эмгек өргүүсү жана майрам күндөр боюнча улуттук мыйзамдардын ченемдерин сактайт.

11. Банк эркектердин жана аялдардын эмгегин төлөөдө жыныстык белгиси боюнча басмырлабастан тең укуктуулукту жана кепилдикти камсыздайт жана кызматкерлерге бирдей баадагы эмгектери үчүн бирдей төлөнүшүн камсыздайт.

12. Банк кызматкерлердин коопсуз жана ыңгайлуу жумуш чөйрөгө болгон укугун тааныйт жана колдоо көрсөтөт, ошондой эле эмгекти коргоо жаатындагы эрежелерди жана талаптарды бекем сактоого умтулат.

13. Банк кызматкерлердин эркин жыйын уюштуруу, жамааттык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана жамааттык келишимдерди түзүү укуктарын сактайт.

14. Банк өз пикирин эркин айтуу, жеке кол тийбестик, жеке жана үй-бүлөлүк жашоосуна кийлигишүүлөрдүн болбоосуна карата укуктарды тааныйт жана сыйлайт. Банктын кызматкерлери өздөрүнүн кесиптик пикирлерин айтууга жана талкуулоого укуктуу.

15. Банк кызматкерлердин, кардарлардын жана башка кызыкдар тараптардын жеке маалыматтарын коргоп, аларды жеке маалыматтардын субъекттеринин макулдугу менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында гана колдонот.

16. Банк кызматкерлердин жарандык укуктарын жана алардын саясий иштерге Банктын атынан эмес, жеке катышуу укуктарын сыйлайт, мындай учурда ошондой жеке катышуу кызыкчылыктардын кагылышына алып келбеши керек.

17. Банк майып адамдардын, калктын аз мобилдүү топторунун, карылардын финансылык продуктуларды тоскоолдуксуз алып туруулары үчүн мүмкүндүк түзүүгө аракет кылат, ошону менен бирге Банктын бөлүмдөрүндө жеткиликтүү чөйрө түзүп, аралыктан сунушталчу банктык кызматтарды мисалы, Банктын мобилдик тиркемесин жакшыртат.

18. Банк кардарларга финансылык продуктуларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодон негизсиз баш тартууга жол бербөө принцибин карманат.

19. Банк потенциалдуу кардарлардын жана контрагенттердин социалдык жана экологиялык абалына баалоо жүргүзүү укугун, ошондой эле социалдык, экологиялык абалы, ошону менен бирге адам укуктарын коргоо жаатындагы абалы начар болгон кардарларды каржылоону чектөө укугун өзүндө калтырат.

## 3. Саясатты сактоо

20. Банктын кызматкерлери ээлеген кызматынан жана Банкта иштеген мөөнөтүнөн көз карандысыз түрдө ушул Саясатты жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бекем сактоого милдеттүү.

21. Ушул Саясаттын бузулушун Банк кызматкерлерге карата тартиптик жаза колдонууга жана укуктук негиздер болгон учурда башка жоопкерчиликке тартууга алып келиши мүмкүн болгон олуттуу жорук катары карайт.

22. Ушул Саясаттын атарылышына контроль жүргүзүү жоопкерчилиги Банктын Башкармасына жүктөлөт.

23. Банктын түзүмдүк бөлүмчөлөрүнүн жана филиалдарынын жетекчилери кызматкерлерине ушул Саясаттын ченемдерин жана жоболорун жана анын жоболорун сактоого милдеттүү экендиктерин билдирүү үчүн жооптуу болуп саналышат. Жаңы кабыл алынган кызматкерлердин ушул Саясат менен таанышып чыгуулары үчүн жоопкерчилик HR-Департаментке жүктөлөт.

## 4. Саясаттын бузулгандыгы жөнүндө маалымдоо

24. Саясаттын бузулгандыгына карата шектенүүлөр пайда болгон кызматкер ал тууралуу төмөндө келтирилген кайсы ыкмалардын бирин колдонуу менен билдирүүгө укуктуу:

- өзүнүн түздөн-түз жетекчисине же өзүнүн түздөн-түз жетекчиси шектүү деп саналса – жогоруда турган жетекчиге, алар алынган маалыматты милдеттүү түрдө ESG-бөлүмчөгө берүүгө милдеттүү;
- Түз эле Банктын ESG-бөлүмчөсүнө

25. Ар кандай кызыкдар тараптардан Банкта адам укуктары бузулгандыгы тууралуу сурамдардын жана кайрылууларды алып туруу жана алар боюнча өз учурунда чараларды көрүү максатында – тынымсыз байланыш (ethics@bakai.kg электрондук почта) иштейт. Банк кайсы болбосун кайрылган жаранга купуялуулукка кепилдик берет.

26. Адам укуктарынын бузулгандыгы тууралуу бардык кайрылуулар боюнча кызматтык иликтөө жүргүзүлөт. Кызматтык иликтөө адам укуктарын бузуу орун алган фактыларды тастыктоо, келип чыккан жагдайларды чечүү чараларын аныктоо жана мындан ары андай жагдайларды болтурбоо үчүн арналган ички ченемдик документтерге ылайык жүргүзүлөт.

27. ESG өнүктүрүү кеңсеси адам укуктарын келип чыккан жана келип чыгышы мүмкүн болгон бузууларга карата жана Банктын ишмердиги таасир эткен кызыкдар тараптарга карата колдонулуучу чаралардын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүп турат.

28. Банк бузуулар жөнүндө билдиришкен, кызматтык иликтөөлөрдүн жүргүзүлүшүнө көмөктөшкөн, ушул Саясаттын жоболоруна каршы келген ишмердикке катышуудан баш тарткан кызматкерлерге жана башка адамдарга карата куугунтуктоолордун болуусуна тыюу салат.

29. Адам укуктары менен байланыштуу болгон инциденттерди эсепке алуу жана алдын ала талдоо жүргүзүү иштери ESG өнүктүрүү кеңсесине жүктөлгөн. ESG өнүктүрүү кеңсеси зарыл болгон учурда инциденттердин чоо-жайын талдоо үчүн жана инциденттерди чечүү боюнча чараларды иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга Банктын башка түзүмдүк бөлүмчөлөрүн тартууга укуктуу.

## 5. Корутунду жоболор

30. Ушул Саясат Банктын корпоративдик сайтын жайгаштырылат жана Банктын бардык башкаруу органдары, түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана кызматкерлери милдеттүү түрдө таанышып чыгуулары үчүн арналган.

31. Ушул Саясат, ошондой эле ага киргизилчү толуктоолор жана өзгөртүүлөр Банктын Башкармалыгы менен макулдашылат жана Директорлор кеңеши тарабынан бекитилет.

32. Саясат Банктын Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген күндөн баштап күчүнө кирет, эгерде Банктын Директорлор кеңеши аны аракетке киргизүү боюнча башка мөөнөттү белгилебеген болсо.

33. Ушул Саясат актуалдуулугуна, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана адам укуктары жаатындагы эл аралык тажрыйбага туура келерине, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбей тургандыгына карата маал-маалы менен кайра каралып турат.

34. Ушул Саясатта көрсөтүлбөгөн калган бардык маселелер боюнча Банк Кыргыз Республикасынын мыйзадмарын жана Банктын ички ченемдик документтерин жетекчиликке алат.

35. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары өзгөргөндүгүнө байланыштуу ушул Саясаттын кээ бир жоболору аларга каршы келип калган учурда, Саясатка өзгөртүү киргизилген учурга чейин Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын жетекчиликке алуу керек.